# Кызганбагын ансыз деле сендикмин

С Кубаныч Экашев

О Алишер Тоотаев

Кызганбагын ансыз деле сендикмин,
Сен болбосоң көңүл жарым кемтикмин.
Маанайыңды көтөр койбо түшүшүрүп,
Сенин жаным жүрөгүңө менчикмин.
Кайырма.
Кызганбагын ансыз деле сендикмин.

Каалайт элем көңүлүңдүн токтугун,
Билем сендей жароокер жар жоктугун.
Сага жаным жан дүйнөмдү бергенмин,
Бирок түшүн жан дүйнөмдүн шоктугун.
Кайырма.
Кызганбагын ансыз деле сендикмин.

Кызганбагын андан көрө күлүптүр,
Мээримиңе балкыт күндөй төгүп нур.
Сен канчалык сүйүп турсаң аярлап,
Согуп турган жүрөгүмда сендик бул.
Кайырма.
Кызганбагын ансыз деле сендикмин.